| | | |
|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУНУН<br>ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН<br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА<br>ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА<br>ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ** |

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XVII (он жетинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 03-июлу №81/ XVII -29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн калктуу конуштарынын башкы планын (генералдык планын) жана топографиялык сүрөт тартууларын жасатууга акча каражатын көбөйтүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджеттик эсебине 2026-жылдын 28-майында калктуу конуштардын башкы планын (генералдык планын) жана топографиялык сүрөт тартууларын жасатууга Республикалык бюджеттен **8 529 200 (сегиз миллион беш жүз жыйырма тогуз миң эки жүз) сом** өлчөмүндө максаттуу трансферт келип түшкөндүгүнө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин жетекчиликке алып, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджеттик эсебине 2026-жылдын 28-майында калктуу конуштардын башкы планын (генералдык планын) жана топографиялык сүрөт тартууларын жасатууга келип түшкөн 8 529 200 (сегиз миллион беш жүз жыйырма тогуз миң эки жүз) сом өлчөмүндөгү максаттуу трансфертти бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн «Турак жай-коммуналдык чарба» (ЖКХ) бөлүмүнүн 2215-беренесине көбөйтүүгө макулдук берилсин;
2. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономика өнүгүү бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн;
3. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кенешинин бюджет жана каржы маселеси боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**